**“Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн анын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыздоо жөнүндө Жобо тууралуу” Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын токтомунун долбооруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

“Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн анын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыздоо жөнүндө Жобо тууралуу” Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – КР БШК) бул токтом долбоорунун (мындан ары – токтом долбоору) максаты Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн анын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыздоонун кепилдиктерин белгилөө жана алардын шайлоого жана референдумга катышуусун уюштуруу тартибин аныктоо болуп саналат.

2019-жылы «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына олуттуу өзгөртүүлөр киргизилди. Киргизилген өзгөртүүлөр анын ичинде добуш берүүнүн жол-жобосун жөнөкөйлөтүүгө, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган, ошондой эле шайлоо участокторун, участоктук шайлоо комиссияларын түзүү тартибине ж.б. өзгөртүүлөр киргизилди.

Шайлоо жөнүндө мыйзамдардын айрым ченемдерин ишке ашыруу, ошондой эле КР БШКнын ченемдик укуктук актыларын киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү, бирдейлештирүү (унификация) максатында КР БШК тарабынан бир катар ченемдик укуктук актылар иштелип чыкты. Жогоруда баяндалганга байланыштуу ушул долбоор иштелип чыкты.

Токтом долбоору менен Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн анын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыздоо жөнүндө Жобо долбоорун (мындан ары – Жобо долбоору) бекитүү сунушталууда, ал шайлоо жөнүндө мыйзамдарга киргизилген бардык өзгөртүүлөрдү өзүнө камтыйт.

Жобо долбоору төмөнкүдөй 10 главадан турат:

1) Жалпы жоболор;

2) Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыздоо боюнча дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелердин иши;

3) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары шайлоо жана референдум участокторун түзүү;

4) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары участоктук шайлоо комиссияларын түзүү тартиби жана алардын иши;

5) Шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмелери;

6) Шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмелери менен тааныштыруу, так эместиктерди оңдоо. Шайлоо дареги;

7) Шайлоо документтерин, автоматтык эсептөөчү урналарды, иденттештирүү жабдыктарын алуу жана жеткирүү;

8) Шайлоо, референдум участокторунда добуш берүүнү уюштуруу;

9) Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө шайлоо комиссияларынын протоколдорун өткөрүп берүү;

10) Шайлоону жана референдумду уюштурууга чыгымдарды каржылык жактан камсыздоо.

Ошондой эле Токтом долбоорунда КР БШК 2015-жылдын 31-июлундагы токтому менен бекиткен Кыргыз Республикасынын аймагынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн анын жарандарынын Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого жана Кыргыз Республикасынын референдумуна катышуусун уюштуруу жөнүндө №102 Жобону жокко чыгаруу сунушталууда.

**КР БШК аппаратынын эл аралык**

**кызматташтык бөлүмү**